УДК 159.955 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-304-308

**БАБАШОВ А.К., ААЛИЕВА Ш.К.**
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы,
Эл аралык Кувейт университети
**БАБАШОВ А.К., ААЛИЕВА Ш.К.**
Национальная академия наук Кыргызской Республики,
Международный Кувейтский университет
**BABASHOV A.K., AALIEVA SH.K.**
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic,
International Kuwait University

# БААЛУУЛУКТАР СИСТЕМАСЫ ЖАНА АЛАРДЫН ИДЕОЛОГИЯЛЫК КОНТЕКСТЕГИ РОЛУ

## СИСТЕМА ЦЕННОСТЕЙ И ИХ РОЛЬ В ИДЕОЛОГИЧЕСКОМ КОНТЕКСТЕ

## SYSTEM OF VALUES AND THEIR ROLE IN THE IDEOLOGICAL CONTEXT

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада коомдук түзүлүштүн негизги элементтери катары баалуулуктар системасы менен идеологиянын ортосундагы байланыш каралат. Нарктык системалар инсандардын жана топтордун дүйнө таанымынын негизин түзөт, алардын жүрүм-турумун, чечимдерди кабыл алуусун жана курчап турган дүйнө менен өз ара аракеттенүүсүн аныктайт. Идеология, өз кезегинде, бул баалуулуктар саясий, экономикалык жана маданий контексттерде чечмеленүүчү жана колдонулуучу алкак катары кызмат кылат. Авторлор баалуулуктар системасынын негизги түрлөрүн жана алардын идеологиялык багыттарды калыптандырууга тийгизген таасирин аныкташты. Эркиндик, адилеттүүлүк, теңдик жана тилектештик сыяктуу баалуулуктардын саясий кыймылдардын жана коомдук өзгөрүүлөрдүн өнүгүшүнө кандай таасир тийгизерин көрсөтүү үчүн тарыхтан жана азыркы мезгилден мисалдар каралат. Макалада коомдогу социалдык процесстерди жана өзгөрүүлөрдү тереңирээк түшүнүү, ошондой эле башкарууда жана социалдык саясатта эффективдүү стратегияларды иштеп чыгуу үчүн идеологиялардын баалуулук негиздерин түшүнүүнүн маанилүүлүгү баса белгиленет.

**Аннотация:** В статье рассматривается соотношение системы ценностей и идеологии как основных элементов социальной структуры. Системы ценностей составляют основу мировоззрения личности и группы, определяют их поведение, принятие решений и взаимодействие с окружающим миром. Идеология, в свою очередь, служит основой, в которой эти ценности интерпретируются и применяются в политическом, экономическом и культурном контекстах. Авторы выделили основные типы систем ценностей и их влияние на формирование идеологических ориентаций. Рассматриваются примеры из истории и современности, чтобы показать, как такие ценности, как свобода, справедливость, равенство и солидарность, влияют на развитие политических движений и социальных изменений. В статье подчеркивается важность понимания ценностных основ идеологий для более глубокого понимания социальных процессов и изменений в обществе, а также для разработки эффективных стратегий в управлении и социальной политике.

**Abstract:** The article examines the relationship between the value system and ideology as the main elements of the social structure. Value systems form the basis of the worldview of an individual and a group, determine their behavior, decision-making and interaction with the outside world. Ideology, in turn, serves as the framework within which these values are interpreted and applied in political, economic and cultural contexts. The authors identified the main types of value systems and their influence on the formation of ideological orientations. Examples from history and modern times are examined to show how values such as freedom, justice, equality and solidarity influence the development of political movements and social change. The article emphasizes the importance of understanding the value foundations of ideologies for a deeper understanding of social processes and changes in society, as well as for developing effective strategies in management and social policy.

**Негизги сөздөр:** баалуулук системалары; идеология; коомдук түзүлүш; категориялык императив; адеп-ахлак; журум-турум нормалары; бихевиоризм; табу; каада-салт.

**Ключевые слова:** системы ценностей; идеология; социальная структура; категория императива; мораль; нормы поведения; бихевиоризм; запрет; традиция.

**Keywords:** value systems; ideology; social structure; category of imperative; morality; norms of behavior; behaviorism; prohibition; tradition.

Илимий адабиятта идеологиянын табиятынын, мазмунунун, структурасынын өзгөчөлүгүн кароодо аргументтердин ирээтсиздиги, анын түшүнүк аппараттын иш жүзүндө колдонуу үчүн зарыл болгон иерселердин жетишпестиги орун алган. Буга мисал катары М.В. Яковлев: «Идеологиянын структурасын изилдөөдө марксизм анын мазмунун теориялык жактан кароо менен гана чектелбейт», - деген сөзүн келтирүү менен, автордун идеологияга идея менен теориядан башка дагы кандайдыр бир мазмундун таандык экендигин айткысы келгендигин байкоого болот. Ага жоопту кийинки фразадан алабыз: «идеология өзүнө баалуулуктарды, нормаларды, идеяларды, кыимыл-аракеттин программаларын камтыйт» [7, с. 20]. Биздин көз караштa М.В. Яковлевдин келтирилген мисалдагы пикири идеологиянын илимге (теорияга) чейинки протофилософиялык формаларынын маани-маңызын тактап алуу үчүн негиз боло алат. Анткени, ошол программалар, идеялар, нормативдик принциптер идеологиянын курамын түзүп, анын протоформалары боло алышат.

Идеологиянын базистик (өзөктүү) протоформалары катары баалуулукту, нормативдүү системаны жана билимдерди атоого болот. Идеологиянын, дегеле маданияттын пайдубалынын негизинде баалуулуктар жатат. Баалуулук деп коомдук же жеке зарылдыктар менен керектөөлөрдү канааттандыра алган каалагандай объектти атоого болот. Идеологиянын протоформаларынын табиятын изилдөө өткөн мезгилдин аксиологиялык баалуулуктары менен тыгыз байланыштуу. Баалуулук маселелери – бул белгилүү бир деңгээлде тарыхый өнүгүүнүн керектөөсүнөн келип чыккан, адам эмгегинин материалдык жана руханий жыйынтыктарына субьектинин жасаган мамилелеринин проблемасы да болуп саналат.

Өткөн доордун тигил же бул материалдык, руханий мурастарын практикада колдонуудан мурда, биз аларды өзүбүздүн кызыкчылыгыбызга, керектөөбүзгө канчалык деңгээлде дал келээрин изилдеп, баалап, аныктообуз зарыл. Биздин көз карашка төп келбеген, кызыкчылыгыбызга жооп бербеген, зыяндуу деп эсептелгендерди четке кагып, ал эми бизге зарыл болгон, пайдалууларын баалуулуктар деп эсептеп, аларды коомдук байлыкка айландырууга аракет жасайбыз:

Берилген ойду В.П. Тугаринов: «пайдалуу түшүнүгү баалуулуктун критерийлеринин бири катары кээ бир адамдарда прагматизм, утилитаризм менен ассоциациялангаи тескери реакциясын пайда кылат. Ошол эле мезгилде айрым идеялар менен нерселердин пайдалуулугу, кээ бирөөлөрүнүн зыяндуулугу идеологиялык карама-каршылыктын, саясаттын жана практикалык илимдердин күндөлүк фактылары жана түшүнүктөрү болуп саналышат. Марксисттик эмес мүнөздөгү пайдалуулук теориясынан айырмаланып, бул категорияны марксисттик түшүнүү субьективизмден көз каранды эмес, таптык, обьективдүү мазмунга ээ» [6, с. 15], – деп ырастайт.

Кандайдыр бир нерсенин пайдалуулугу же зыяндуулугу эл тарабынан аныкталат. А.В. Луначарский «Баалоо тууралуу маселеге карата» деген эмгегинде мындай деп жазат: «Бул дүйнөдө өзүнөн өзү жаман же жакшы болуп жаралган эч нерсе жок. Сезимтал организмдердин катышуусу болмоюнча эч нерсе эч кандай баага ээ эмес. Кандайдыр бир нерсени баалоо баалоочунун көз карашынын негизинде объект менен субьектинин ортосундагы мамилени түзүү дегенге жатат» [2, с. 56].

Бул ойго кошумча толуктоо катары баалоо адам тарабынан жүргүзүлгөндүктөн жана анын көз карашы менен байланышта болгондуктан, баалуулук мамилелерине индивидуалдык учурду кошууну зарыл дейбиз. Бирок, бул баалуулуктар субьектинин баалоосуиан пайда болот дегенге жатпайт. Реалдуу баалуулук өзү баа берүүнүн негизи боло алат. Проблеманын бул өнүтүнө С.И. Попов көңүл буруп, баалуулуктарды таанып-билүүнүн татаал жана карама-каршы мүнөздөрүн ачып бере алган: «...Баалоо процесси өзүнө субьективдүүлүктүн, реалдуулуктун, шарттуулуктун моменттерин камтыйт, бирок, эгерде баалоо туура жүргүзүлсө, анда баалоо процесси жогоруда аталган элементтерден

турбайт» [5, с. 38]. Тагыраак айтканда, С.И. Попов баа берүүнүн тууралыгы ошол субьектинин кызыкчылыгын так чагылдырган эмес, обьективдүү чындыкты чагылдырган баалуулукта турат дейт.

Эгерде баалуулукту, баалоону жогоруда сөз болгон көз караштын негизинде карасак, анда баалуулукту анын зыяндуу же пайдалуу жагын аныктоо менен чектелбешин эстен чыгарбоо зарыл. Себеби, тигил же бул кубулуштардын, предметтердин обьективдүү баалуулугу алардын баасы менен дал келбей калышы да мүмкүн. Баалуулуктардын баары эле элдин талабын, суроосун баардык учурда канааттандыра бербейт. Бирок, эске алуучу нерсе, мындай канааттандырбоочулуктун натыйжасында терс мүнөзгө ээ баалуулуктарды таанууга, аларды четке кагууга негиз түзүлөт. Мындай көрүнүш коомдун өнүгүүсүндөгү коомдук аң-сезимдии өзгөрүүсү менен түшүндүрүлөт. Баалуулуктарга жасалган мындай мамиле материалдык жана руханий кубулуштарды элдин кызыкчылыгына жооп берет же бере албайт деген тар мааниде жөнөкөй баа берүүдөн сактап калууга жасалган аракет болуп саналат.

Баалуулуктардын аренасы өтө көп кырдуу. Бул система материалдык жана руханий маданияттын баалуулуктарынан гана түзүлбөйт. Булардан сырткары, бул системага адамдар тарабынан өзгөртүлгөн жаратылыш предметтери, социалдык кубулуштар жана адамдын өзү, ишмердүүлүктүн белгилүү формаларын алып жүрүүчү катары кирет. Баалуулуктарды төмөнкүдөй критерийлер боюнча айырмалоо мүмкүн: 1) субстраты (табияты) боюнча материалдык (мисалы, асыл таштар менен кымбат металлдардан жасалган зергер буюмдары) жана рухий (мисалы, намыс) баалуулуктар жөнүндө сөз кылууга болот; 2) субъектиси боюнча баалуулуктар коомдук (адеп-ахлак), улуттук (патриотизм), партиялык (идеялуулук), жекече (жеке менчик) болуп бөлүнүшөт; 3) керектөө мүнөзү боюнча баалуулуктар моралдык (чынчылдык, тартиптүүлүк), экономикалык (тактык, алысты көрө билүүчүлүк, кыраакылык), саясий (карьеризм же мансапкордук) мүнөз күтө алат.

Баалуулуктар социалдык жана моралдык баалардын, баалоолордун, башкача айтканда, көпчүлүк адамдар тарабынан ырасталган жакшылык, боорукердик, адилеттик, бакыт ж.б. түшүнүмдөрдүн негизин түзө алышат. Социалдык жана моралдык бааны коомдук чындыктын ар кандай көрүнүштөрүн жана адамдардын жүрүм-турумдарын алардын адеп-ахлактык мүнөзүнө карай кубаттоо же сындоо деп түшүнүүгө болот. Адамдарга белгилүү бир адеп-ахлактык жорук-жосундарды жасоону алдын ала аныктаган моралдык нормалардан айырмаланып, моралдык баа жорук-жосундардын адеп-ахлак талаптарына жооп берүүсүн же бербөөсүн тактайт. Жалпы моралдык баа жамандык жана жакшылык категорпяларынын туундусу болуп саналат. Ал тарыхый мүнөзгө ээ жана коомдук түзүлүшкө, таптык күрөшкө ж.б. карай өзгөргөн адеп-ахлактуулуктун объективдүү критерийи болуп саналат. Моралдык баанын негизинде жорук-жосундардын социалдык маани-маңызын таанып билүү жатат. Ушул негизде моралдык баанын жардамы аркасында адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салууга болот. Моралдык баалоодо адамдардын жорук-жосунунун мотивдерин гана эмес, алардын социалдык кесепеттерин да эске алуу зор мааниге ээ. Социалдык баа идеологиядагы маанилүү, аздектөөгө жана сакталып калууга тийиш элементтерди көрсөтүп бере алат.

Идеологиянын протофилософиялык формаларын бекемдөөнүн, сактоонун жана аздектөөнүн ыкмалары болуп норма эсептелет. Норма (латынчадан norma – жетекчилик, эреже, үлгү) деп мыйзамдуу түзүлүштү милдеттүү деп табылган тартипти түшүнүүгө болот. Норма жүрүм-турумдун же иш-аракеттин алдын ала аныкталган эрежеси же үлгүсү, бир нерсе тууралуу тыянактын ченеми жана баа ченеми болуп саналат. Табиятта же коомдо бар жана болуп жаткан нерселерди чагылдырган мыйзамдан, ошондой эле аткарылуучу же аткарылбоочу эрежелерден айырмаланып, норма баардык учурларда жана баардык нерселерде кездешүүчү касиет болуп саналат. Моралдык, эстетикалык жана логикалык нормалар болот.

Идеологиянын протоформасынын курамына кирген моралдык норма кадыресе нормадан айырмаланып, бир типтүү жорук-жосундарга карата пайдаланылган жалпы эрежелер мелен тыюу салуулардын жардамы аркасында адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салган адеп-ахлактык талаптардын формасы болуп саналат. Укуктук нормалардан айырмаланып, моралдык норма мамлекеттик бийликтин негизинде эмес, каада-салт менен коомдук пикирдин күчү аркылуу санкцияланат; кимдир бирөө тарабынан атайы чыгарылган мыйзамдын натыйжасында эмес, коомдун адеп-ахлактык аң-сезиминде стихиялуу пайда болот. Өз алдынча турганда

моралдык нормалар адамдын жүрүм-турумун жетишээрлик түрдө жөнгө сала албайт; өзүнүн абстрактуу түрдөгү жалпы мүнөзүнө байланыштуу алар ар кандай өзгөчө жагдайлар менен шартталган ыктымалдуу чектен чыгууларды кароого чамасы жок. Ошол себептен, тигил же бул моралдык нормаларды конкреттүү кырдаалдарга карата пайдалануу тууралуу маселе мазмуну боюнча кеңири жана ошол эле учурда конкреттүү болуп саналган адеп-ахлактык принциптердин негизинде чечилиши зарыл. Өзүнүн социалдык мазмуну боюнча моралдык нормалар жалпы адамзаттык, тарыхый чектүү, таптык мүнөздө болушу мүмкүн. Таптык мүнөздөгү моралдык нормалар бир коомдук формациядан экинчисине өткөн учурда узак мезгилдер бою эскинин саркындысы катары сакталат, жаңы моралдык нормалар түзүлгөнгө жана орногонго чейин акырындык менен талкаланат.

Бул маселени кароодо категориялык императив түшүнүгүнө токтолуу абзел. Себеби, идеология жана категориялык императив – бул социалдык нормаларды жана баалуулуктарды калыптандырууга терең таасир этүүчү эки негизги түшүнүк. Идеология – бул адамдардын тобунун же бүтүндөй коомдун дүйнө таанымын жана жүрүм-турумун аныктоочу ишенимдердин, баалуулуктардын жана идеялардын системасы. Бул ар кандай тарыхый, маданий, диний же саясий факторлорго негизделиши мүмкүн.

Категориялык императив (латынчадан imperativus – буйруу, буйрук берүү) – илимге И. Кант тарабынан киргизилген жана анын этикасынын негизги түшүнүгүн белгилеген термин. Императив деп эрктин (ички дүйнөнүн) буйруктарын атоо менен Кант алардын гипотетикалык жана категориялык деп аталган эки түрүн аиырмалаган. Гипотетикалык императивдер эмгек процесси же күнүмдүк тиричилик менен коштолуп жүргөн эрктик иш-аракеттерге кирет. Аларга баш ийүү менен адам алдына өз иш-аракетинин адеп-ахлактык максаты тууралуу маселе койбойт, болгону эле берилген максатка ылайык каражаттарды тандоо тууралуу маселени чечет. Врач менен уу берип жаткан адам өз ишин бирдей дедгээлде ийкемдүү аткарышы мүмкүн, бирок, биринчиси адеп-ахлактуу, ал эми экинчиси адеп-ахлаксыз максатты көздөшөт.

Гипотетикалык императивдерден айырмаланып, категориялык императив адамдын иш-аракетинин адеп-ахлактуу жагын аныктайт. Категориялык императивдин алгачкы жолу Конфуций тарабынан сунуш кылынган «өзүңө эмнени каалабасан, башкаларга ошону жасаба», «өзүң эмнеге жетүүнү кааласаң, башкалардын ошого жетүүсүнө жардам бер» [4, с. 71-74]. деген эки приицибин И. Кант «Практикалык акылдын сыны» деп аталган эмгегинде «Эркиндикдин максимасы ошол эле учурда өтө жалпы мыйзамдын принциби боло алгыдай ишти кыл» [1, с. 38], ал эми «Кулк-мүнөздүн метафизикага карата негизги жоболор» деп аталган эмгегинде: «Сен тарабынан өзүң жана башкалар түрүндөгү адамзат жөн гана каражат эмес, максат катары каралууга тийиш болгон ишти жаса» [1, с. 38] деп аныктаган.

Кантка ылайык категориялык императив практикалык акылдагы өтө жалпы жана жалпыга милдеттүү мыйзам болуп саналат. Келип чыгышына, тегине, байлыгана, бийлигине карабастан, баардык адамдар категориялык императивдерге баш ийүүгө милдеттүү. Адептүү адам эч кандай жагдайларга карабастан, категориялык императивге баш ийүү менен аны өзүнүн бийик парзына айландырып алат. Категориялык императивдердин өтө жалпылыгын, диндин талаптарынан көз карандысыздыгын, баардык адамдардын моралдык мыйзамдын алдындагы тең укутуулугун жарыялоо менен Канттын адеп-ахлак мыйзамдары ошол кездеги Германияда үстөмдүк кылган феодалдык христиандык моралдын негизги абалдары менен идеологиясынан кескин айырмаланган.

Адамды каражат эмес, максат катары кароо, баардык адамдардын моралдык мыйзамдын алдындагы тең укуктуулугун жарыялоо менен Канттын категориялык императиви антифеодалдык мүнөз күткөн. Ошол эле учурда категориялык императив Руссо менен француз материалисттеринин этикалык идеяларына каршы келген. 18-кылымдагы буржуазиялык революциянын идеологдору эң бийик максат катары жалпы бакытка жетүүнү атап жана бул максатка жетүү үчүн күрөшкө чакырышса, Кант бакытка жетүү эч мүмкүн эмес деп эсептеген. Анын пикири боюнча жалпынын принцибине айланган бакытка умтулуу коомдук кызыкчылыктардын гармониясын эмес, ыйкы-тыйкылар менен карама-каршылыктарды пайда кылат. Ошол себептен категориялык императив инсандан өзүм билемдик менен адилетсиздикке каршы активдүү күрөшкө чыгууну талап кылбайт.

Канттын пикири боюнча максат болуп категориялык императивге ылайык келген ой менен маанайды түзүү гана болуп саналат. Бул болсо Канттын этикасынын негизги мыйзамынын формализмин жана мазмунсуздугун аныктайт. Кант ар кандай доорлор менен таптардын моралынын ортосундагы айырмачылыктарга көңүл бурбастан, баардык адамдарга, таптарга жана элдерге бирдей даражада мүнөздүү болгон жалпы моралдык аң-сезимди негиздеген. Француз революциясынын Канттын философиясы менен этикасына тийгизген таасирин көрсөтүү менен Маркс жана Энгельс мындай деп белгилешкен. Кант «...француз буржуазиясынын материалдык мотивдерге ээ эркин (каалоо-тилегин) «эркин эрктин», таза эрктин, адам эркинин аныктамасына айландыруу менен анын моралдык постулаттардын идеологиялык аныктамасын пайда кылган» [3, с. 184].

Табу (полинезиялыктардын тилинде taboo – тыюу салам) кандайдыр бир иш-аракетти жасоого, нерсени же сөздү колдонууга карата салынган тыюулардын жыйындысы. Табу же тыюу салуу архаикалык коомдордо кеңири жайылтылып, жамаатты ар кандай кооптуу нерселер менен кубулуштардан коргогон. Ошондой болсо да, бүгүнкү күнгө чейин коомдук аң-сезимдин протоформасы катары табу коомдук болмуштан жок болуп кеткен жок. Азыркыга чейин кандаш-туугандык мамилелердин (мисалы, инцест же жакын, тууган адамдардын сексуалдык мамиледе болушу), азыктануу процессинин (мисалы, каннибализм же кишинин эти менен тамактануу), жүрүм-турумдун (мисалы, кыргыздарда бийлик адамы өзүнүн жылаңач денесин элге көрсөтпөөсү керек), сөз маданиятынын (тергөө өнөрү) айрым жактарына, еврейлер менен мусулмандарда чочконун эти менен азыктануусуна катуу тыюу салынган.

Нормалардын, императивдердин жана табунун жыйындысы нор- мативдүү системаны түзөт, ал эми аталган система өз кезегинде адеп-ахлак, каада-салт, дин жана укук сыяктуу нормативдерден турат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Кант И. Критика практического разума. – СПб, 1897, с. 38.
2. Луначарский А.В. К вопросу об оценке 5. – Москва, 1970, с. 56.
3. Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 2 изд., с. 184.
4. Переломов Л.С. Конфуцианство и легизм в политической истории Китая. – Москва: Наука, 1981, с. 71-74.
5. Попов С.И. Политика. Экономика. – Москва, 1989, с. 38.
6. Тугаринов В.П. Марксистская философия и проблема ценности // Проблема ценности в философии. – Москва-Ленинград, 1966, с. 15.
7. Яковлев М.В. Идеология. – Москва, 1975, с. 20.

**Рецензент: к.филос.к., доцент Жумагулов Т.Ж.**